КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ
АТАЙ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
АТАЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VI сессиясынын**

# № 4 ТОКТОМУ

31.01.2025-жыл Арал айылы

**Арал айылындагы Т.Жээналиев көчөсүнүн №67 номерлүү 6673 кв метр жер аянтын балдар ойноочу аянтча уюштурууга берүү жөнүндө**

Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 23.01.2025-жылдагы №01-12/156 сандуу чыгыш катынын негизинде Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин айыл чарбасы, экология, жер жана өзгөчө кырдаалдар боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап, Атай айылдык кеңешинин Регламентинин 2-бөлүмүнүн 2.1-пункттуна ылайык Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышын) кезектеги VI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Арал айылындагы Т.Жээналиев көчөсүнүн №67 номерлүү 6673 кв метр жер аянты "Архитектура жана шаар куруу" мыйзамына ылайык балдар ойноочу аянтчаны уюштурууга берилсин.

2. Райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгынан тарабынан тиешелүү иш кагаздарын бүткөрүү, мыйзамдаштыруу жана жер ресурстары мамлекеттик агенттигинин Тогуз-Торо филиалынан каттоодон өткөрүү жагы Атай айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Жаныбаевке милдеттендирилсин.

3. Кабыл алынган токтом жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялансын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл чарбасы, экология, жер жана өзгөчө кырдаалдар боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Муса уулу Жанайга тапшырылсын.

**Атай айылдык кеңешинин төрагасы С. Өскөнбай уулу**